* * *

**УДК 636**

**ЖАМУнун пайдубалы, Жалал-Абад зооветтехникумуна 65 жыл.**

**Исмаилов К., Сатканкулов Э.С.**
**Кадырова Ч.Т., Эркинбаева А. - ЖАМУ**

Жалал-Абад зооветеринардык техникуму Кыргызстандын түштүк регионундагы эң алгачкы зоотехния, ветеринария жана айыл-чарба жаныбарларынын продукцияларын кайра иштетүүчү орто билимдүү адистерди даярдоочу окуу жайы болуп эсептелген.

Зооветтехникум 1947-жылдын 25-декабрында бир жылдык мал чарбасы үчүн кенже ветфельдшерлерди даярдоочу мектептин базасында түзүлгөн.

Ошол маалдагы техникумдун материалдык базасы (сүрөт 1) эки кабаттуу кирпичтен салынган имарат болгон, жаңы салынганда бир кабаты жатакана, экинчиси окуу кабинеттери катары пайдаланылган. Бул имарат шаардын борборунда Чехов көчөсүндө, (азыркы маданият техникуму) жайгашкан.

1972-жылы Спутник кичи шаарчасында 336 орундуу жатакана техникумдун окуучулары үчүн курулган. Бул жылдары окуучулардын саны 88 окуучудан 528ге өскөн, ал эми 1989-жылдарда бул көрсөткүч эки эсеге көбөйгөн. Себеби зоотехниктик жана ветфельдшердик кесипке теринин технологиясы, мал чарбасындагы механизация жана электрификация өндүрүш адистиктери боюнча биохимиялык технологдор даярдала баштаган.

1972-жылга чейин, техникумда күндүзгү жана сырттан окуу жолу менен баардыгы болуп 2499 адистерди даярдаган, анын ичинен 1472 зоотехник, 1027 ветфельдшер болгон. Техникум 1993-жылы (02.04.1993ж) КР президентинин указы менен университетке айланган. 1979-жылдын 15-декабрында Спутник кичи районунда, айыл чарба министирлиги тарабынан 900 окуучуга эсептелген окуу корпусу курулуп, зооветтехникум толугу менен көчүрүлүп келинген. Зооветтехникумдун окуу корпусунун ачылуу аземин, ошол мезгилдеги техникумдун директору, айыл чарба илимдеринин кандидаты Б.Н.Нуралиев уюштуруп жана окуу корпусун кабыл алган. Зооветтехникум уюштурулгандан баштап биринчи директору Артыков С.А., 1948-жылдын 23-июлунан Капышев О.К., Нуралиев Б.Н., Бекболотов Т., Орозалиев Х.О. иштеген. 1985-жылдын август айынан 1993-жылга чейин зооветтехникумда ветеринария илимдердин кандидаты Бабакулов М.Б. жетектекчи болуп эмгектенген.

Техникум түзүлгөндөн баштап биринчилерден болуп, Ата Мекендик согуштун катышуучусу Октябрь революциясы орденинин ээси Салтан С.Я. жалпы жана айрым зоотехния предметинин мугалимдери Лесниченко А.К., Тянь Б.Ф., Гольфаров А.Ф., Драпчук Б.К., Мусурманкулов С.С., эмгектенишкен.

1975-жылдардан баштап жогоруда аты аталган окутуучулардын катарына кыргыз улутундагы мугалимдер, кесиптик сабактар боюнча толукталып, булардын ичинде в.и.к., доцент Исмаилов К., Абдураимов Т.А., Жумабаев А.Ж., а.ч.и.к. Сатканкулов Э.С., Фесик В.К., Саркаров К.М., Каблова А.И., Байкишиев К., Арапбаев А.А., Койлиева Е.Б., Мурзакулов С.С., Эрназаров К.А., Иманкулова Д.К., Мамытов М., Кыргызбаева Ч., Акматов С. ж.б. эмгектенишкен.

Техникумдун алгачкы бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен Атабеков С.А. – Сузак районунун Эркин колхозунун төрагасы, Койлиев М.Н. – Жалалабат малды бордоп семиртүү совхозунун директору, Ивкин Н.С. – СССРдин айыл чарба министирлигинин техникалык кеңешинин илимий катчысы, Маражапов Н. – Өзгөн районунун башкы ветврачы, Сыдыков М.С. Нарын областынын биринчи секретары болуп эмгектенишкен. Ошону менен бирге техникумдун бүтүрүүчүлөрү өндрүштө да үзүрлүү эмгектенишип, эң алдынкылардан болуп бааланышкан, булардын катарына Юнусов С., Нарматов Б., Мельников В., Ф.А. Хабиевдерди кошууга болот.

Ошондой эле техникумду бүтүргөндөрдүн ичинен белгилүү илимпоздор да чыгышты. Булардын катарында Исмаилов К.И., түштүк кыргызстанда зооветтехникумду бүтүп, 1963-жылы Москвадагы К.И.Скрябин атындагы ветеринардык академияны аяктап, ветеринария илимдеринин кандидаты деген даражага ээ болуп, азыр үй жаныбарларынын гельминттик ылаңдарынын алдын алуу жана дарылоо иштеринин үстүнөн изилдөөлөрдү жүргүзүп жатат, университете окутуучу, кафедранын доценти болуп эмгектенүүдө. Маркум Султанов Ж.С. Москвадагы ветеринардык академияны бүтүп, аспирантурада окуп, канаттуулар фабрикасындагы микроклиматтарды изилдөө боюнча 1985-жылда кандидаттык даражага ээ болуп Жалалабат канаттуулар фабрикасынын директору болуп, көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенген.

Мурзакулов У.З. Москвадагы К.И.Скрябин атындагы ветеринардык академиянын аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүн бүтүрүп, 1982-жылы ветеринария илимдеринин кандидаты деген даражага жеткен. 1993-жылы Бишкектеги Кыргыз айыл чарба институнан ЖАМУга которулуп, зооветтехникумдун базасында түзүлгөн агрардык технологиялык факультетинин деканы болуп 1998-жылга чейин иштеди. Андан кийин ветеринардык медицина кафедрасынын башчысы, профессор, жаныбарларынын жугушсуз ылаңдары жана физиологиялык өзгөчлүктөрү боюнча илимий иштерди жүргүзүп келген.

Техникумда иштегендердин ичинен, кийинки директору ЖАМУда иштеп жүрүп, доцент Бабакулов М.Б. – ветеринардык илимдин доктору болду, Сатканкулов Э.С.- айыл чарба илимдеринин кандидаты, түштүк кыргызстандагы тыбыттуу эчкилердин селекциясы боюнча илимий иштерди жүргүзүп докторлук ишинин үстүндө иштеп жатат, Сатаров М – КР эмгек сиңирген юрист эмгектенүүдө.

Азыркы учурда техникумдун бүтүрүүчүлөрү наамынын ээси. Сабырканов Алымкул – Жалалабат шаардык ветеринардык башкармалыгынын начальниги, ЖАМУда аспирантурада илимий иштерин ийгиликтүү жүргүзүүдө. Бегиев Каныбек Ош областынын ветеринария иштери боюнча улуу координатор болуп, областык деңгээлде ветеринардык жана санитардык сактоо боюнча иш жүргүзүүдө.

Саркаров К. – ЖАМУнун студенттеринин билим сапатын көзөмөлдөө бөлүмүнүн инспектору болуп иштеп жатат.

Маматкулов Кубат – Жалалабат шаардык МЭРинин социалдык маселеси боюнча орун басары болуп үзүрлүү иштеп жатат.

Болтоев Таалай – милициянын майору Жалал-Абад областынын ички иштер бөлүмүндө кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн начальниги болуп кызмат кылууда.

Асанов Бакыт – Жалалабат облусунун УККнын кызматында бир канча жылдар бою иштөөдө.

Фатыхов С.А. – көп жылдар бою Тайгараев совхозунда башкы ветврач болуп иштеп, ЖАМУда ветеринардык медицина кафедрасында клиника башчысы болуп жана окуу тажрыйба чарбасында эмгектенген.

Насыров З. – Сузак районунун башкы ветеринардык врачы болуп, ал эми Караев Ж. – ветврач эпизоотолог болуп эмгектенүүдө.

Осмонбаев К. – Жалалабат областык ветеринардык башкармалыгында улуу адис милдетин аткарып жатат.

Беккулов М. – 1994-жылдын 1-сентябрынан зооветтехникумдун окутуучусу, «терини иштетүү технологиясы» адистиги боюнча орто билимдүү адистерди даярдап келген. 1997-жылы зооветтехникумдун 50 жылдык юбилейин өткөрүүдө активдүү катышып, азыркы учурда Ветеринардык медицина кафедрасынын ага окутуучусу болуп иштеп келүүдө.

Зооветтехникумдун материалдык техникалык базасы 1972-жылдары 16 класс, 20 лаборатория толугу менен окуу процессинде пайдаланылып турган. Алардын ичинде сүт боюнча лаборатория, ветбаклаборатория, зоотехния кабинети, жасалма уруктандыруу боюнча лаборатория, механизация кабинети, анатомия лабораториясы болгон. Сабакта окуу куралдары, скелеттер, плакаттар, приборлор жана башка дидактикалык материалдар кеңири колдонулган.

Техникум союздагы башка республикалар менен кеңири байланышта болуп турган. 1976-жылы Минскидеги айыл чарба техникумунда бүткүл союздук семинарда окуу тарбия боюнча тажрыйба алмашкан.

Өздүк көркөм чыгармалылыкта техникум шаарда орчундуу орундарды ээлеп келген. Техникумдун бүтүрүүчүсү Жолболду Алыбаев жетектеп чыгармачылык иштерди алып барган, ал үзүрлүү эмгектеринин негизинде Кыргыз эл артиси деген наамга татыктуу болду

Физкультура жана спорт боюнча республикалык техникумдар арасындагы спортакиядаларга жыл сайын катышып студенттер алдынкы орундарды ээлеп жүрүшкөн. Кыргыздын жылкыларын жана кыргыздын оюндарын өздөрү кызыгып даңазалашкан.

Ошону менен бирге техникумдун студенттери айыл чарба иштеринде, өндүрүшкө чоң жардамын берип келишкен. Октябрь винсовхозунда жүзүм теримде, Базар-Коргон жана Сузак, Ноокен райондорунун Коминтерин, Ленин, Москва колхоздорунун пахта терим маалында 100 – 150 тоннага чейин пахта жыйнашып, чөптү болсо 70 – 80 тонналап чаап беришчү.

Токтогул районунун элине кой төлдөтүүдө бир канча мекемелерге жыл сайын жардам кылып миңдеген козуларды асырап беришкен. Ал эми Караган – Жайык өрөөнү боюнча 60-70 тоннага чейин чөп чабылып турган.

Техникумдун студенттери Жалалабат шаарынын курулушуна, өнүгүшүнө чоң салым кошушкан. Мисалы, азыркы ВЛКСМ паркын отургузууда, Курорттун Аю-булак комплексинин курулушуна, Аксы районунун Кызыл Жар совхозунун сүт товар комплексин курууда атайын түзүлгөн студенттик отряддар чоң салымын кошушкан.

Коомдук иштерге зooветтехникумдун студенттери активдүү катышышып, областын райондорундагы жер титирөөдөн жабыркаган айылдардагы элге чоң жардам көрсөтүп турган.

1993-жылы зooветеринардык техникумдун базасында Жалал-Абад мамлекеттик университетинин агрардык технологиялык факультети түзүлүп, жогорку окуу жайы деген статуска өттү. Азыркы убакытта түштүк Кыргызстанда жогорку билимдүү ветврачтарды чыгара баштады. Алардын саны азыр 80ге чейин барат, бүткөндөрдүн саны 20 жылдын ичинде 800дөн ашты. Традиция боюнча студенттик жаштар, облустун, шаардын, район жана айыл өкмөттөрдүн иш чараларына активдүү катышып келе жатышат.

Эркинбаева Алмакан Тасмабековна – 2012-жылдан баштап Ветеринардык медицина кафедрасында окутуучу болуп эмгектенүүдө.